11.11 2019-ж
№ 2 пед кеңешменин
чечими менен кабыл алынды

"Бекитемин"
Мектеп директору
Эрматоа А.К.

## АТА-ЭНЕЛЕР ЧОГУЛУШУНУН ЖОБОСУ

1.Жалпы жобо КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы, мектептин уставын негизинде Баткен областындагы Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов жалпы билим берүү мектеби үчүн иштелип чыкты. Ата-энелер чогулушу мектептин окуу-тарбия процессинин жеткиликтүүлү жана өсүшү жардам берүү максатында уюштурулган өзүн-өзү башкаруу коллегиалдуу орган. Ата-энелер чогулушунун курамына мектепте окуган бардык окуучуларды ата-энелер (мыйзамдуу окулдөрү ) кирет. Ата-энелер чогулушунун чечимдери пед кеңешмеде, зарыл болсо мектептин жалпы чогулушунда каралат.

Бул жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мектептин ата-энелери чогулушунда киргизилет жана кабыл алынат. Бул жобонун мөөнөтү чектелбейт жана жаңысын кабыл алганча жарактуу.

2.Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери.

Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери болуп:

-Мамлекеттик , аймактын жана шаардагы билим берүү бөлүмүнүн саясатын ишке ашыруу үчүн, мектептин жана ата-энелер коомчулугун биргелешкен кызматташуусу.

-Мектептин негизги өнүгүү багыттарын карап чыгуу жана талкулоо.

-Мектептеги кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды же окутууларды талкууло жана бекитүү.

-Мектептеги билим беруу, тарбия, өнүктүрүү жана ден- соолукту чыңдоо суроолору боюнча пед жамаат менен ата-энелер коомунун кыймыл арекети жөнгө салуу.

3.Ата-энелер чогулушунун функциялары.

Мектептин ата-энелер чогулушу:

-Мектептин (класстын) ата-энелери мектеп комитетин шайлайт.

-Мектептин ата-энелер коомитети менен өз ара аракеттерине тиешелүү болгон устав жана башка локалдык актылар менен таанышат, мектептин ата-энелер комитетине керекүү өзгөтүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү суроолорду коёт.

-Мектептин (класстын) билим берүүчүлүгүнүн тарбиялык жана ден-соолукту чыңдоо иш-чараларынын негизги багыттары талкууланат. Аларды өркүндө боюнча тиешелүү сунуштарды киргизет.

-Мектептин (класстын) педогогикалык иш-пландоо, окутуу процессиинин формалары жана методдору боюнча суроолорду угат.

-Мектептеги (класстагы) окуучуларга акы төлөнүүчү билим берүү, тарбиялык жана ден- соолукту чыңдоо боюнча маселелерди талкуулайт.

-Мектеп директорунун, класс жетекчинин, окуу тарбия программасынын иш ашырылышы, окуу жылынын жыйынтыгы боюнча отчётун угат.

-Класс жетекчиге жайсыз үй-бүлөлөр менен иштөөгө жардам берүүчү маселелердин чечет.

-Мектептеги (класста) педагогикалык ишти жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизет.

-Мектепке (класста) ата-энелер менен бирге өткөрүлүүчү, ата-энелер чогулушунун тобу, ата-энелер клубу, ачык эшик күнү ж.б. иш чараларды пландоого катышат.

-Ата-энелер коомчулугунун жардамы менен мектептин айланасын , класстык бөлмөлөрдү оңдоо-түзөө иштерин жргүзүүгө материалдык-техникалык базасын чыңдоого жардам берүү жөнүндө чечим чыгарат.

-Жаңы жылда жана башка майрамдарда окуучулар менен эс-алуу ишчараларын уюштуруу жана белек берүүнү пландаштырат.

4.Ата-энелер чогулушунун укуктары.

Ата-энелер чогулушу:

-Мектептин (класстын) ата-энелер комитетин шайлоого укутуу.

-Мектептин (класстын) ата-энелер комитетин чечимдердин аткарылышы жана аткарылышын көзөмөлгө алынуусун талап кылууга укуктуу.

Ата-энелер чогулушунун ар бир мүчөсү:

-Чогулуштун үчтөн бир бөлүгүнүн колдоосундагы болгон жана өзүнүн карамагына кирген каалагандай суроонун ата-энелер чогулушунда талкууга алынуусуна талап коюга укуктуу.

-Ата-энелер чогулушунун чечими менен келишпеген учурда өзүнүн жүйөөлү пикирин айтууга протоколго киргизүүгө укуктуу.

5.Ата-энелер чогулушунун башкаруусунун уюштуруу.Ата-энелер чогулушунун курамына мектепте окуган бардык балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) кирет. Ата-энелер чогулушу өзүнүн курамына ата-энелер комитетин шайлайт. Ата -энелер чогулушунун өткөрүү үчүн өзүнүн курамынан бир окуу жылы төрага жана катчыны тандайт. Төрөгалыкка шарт боюнча мектептин ата-энелер комитетинин (класстын) ата-энелер комитетинин төрагасы шайлайт. Ата -энелер чогулушуна зарыл болгондо мектептин пед жамаатынан коомдук мекемелерден уюмдардан өкүлдөр чакырылат. Алардын чакырылышын мектептин (класстын) ата-энелер комитетинин төрагасы аныктайт. Жалпы ата-энелер жыйналышын мектептин директору менен ата-энелер комитетинин төрагасы бирге алып барат. Класстын ата-энелер чогулушун класстын ата-энелер комитетинин төрагасы жетектейт .Класстын ата-энелер чогулушунун төрөгасы; Класстын ата-энелер комитетинин төрөгасы менен биргеликте ата-энелер чогулушуна катышууну камзыздайт. Мектеп директору менен биргеликте ата-энелер чогулушуна даярдыкта уюштурат.

Мектептин директору менен биргеликте ата-энелер комитетинин кун тартибин аныктайт. Ата-энелер чогулушу мектептин түзүлгөн жылдык планын бир бөлүгү менен иш алып барат. Жалпы ата-энелер чогулушу 2 ден аз эмес класстын ата-энелери чогулушу кварталына 1 жолудан аз эмес чогултулат. Ата -энелер чогулушунун чечими ачык добуш берүү менени жана катышуучулардын үчтөн бири бөлүгү добуш берүү менен кабыл алынат. Ата -энелер чогулушунун чечиминин аткарылышын мектептин (класстын ) ата-энелер комитетинин төрагасы жана мектептин директору менен биргелешип уюштурат. Чечимдерди тез арада ишке ашырылышын ата-энелер чогулушунун протоколунда көрсөтүлгөн жоопту адам көзөмөл кылат . Жыйынтыг кийинки ата-энелер чогулушунда билдирилет.

6.Ата-энелер чогулушу менен мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун өз ара байланышы.

Ата-энелер чогулушу мектептин ата-энелер комитеттери менен өз ара кызматташат.

7.Ата-энелер чогулушунун жоопкерчилиги.

Ата-энелер чогулушу:

-Аларга бекитилген милдеттердин жана функциялардын аткарылышына жоопту. Кабыл алынган чечимдердин КРнын мыйзамдары жана нормативдик укукту актылары менен дал келишине жооптуу.

8.Ата-энелер чогулушунун иш кагаздары.

Ата-энелер чогулушунун протоколу түзүлөт.

Протокол китепчесинде төмөндөгүлөр көрсөтүлөт

-Чогулуштун өткөрүлгөн күнү;

-Катышкандардын саны;

-Чакырылган коноктор (аты, жөнү, кызматы)

-Күн тартиби;

-Ата-энелер чогулушунда коюлган суроолордун талкууланышы; Чакырылган коноктордун, мектеп кызматкерлеринин, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) сунуштары жана ой-пикирлери; Ата-энелер чогулушунун чечими. Ата-энелер чогулушунун протоколуна төрага жана катчынын колу коюлат. Протоколду номерлөө окуу жылынын башынан башталат. Ата-энелер чогулушунун протоколу жазылган китепче мектептин иш кагаздары менен бирге беш жылга сакталат жана акт аркылуу өткөрүлүп берилген(жетекчилер алмашканда, архивке бергенде ) .